КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ
АК-СУУ РАЙОНУ

ХАН-ТЕНИРИ АЙЫЛ
АЙМАГЫНЫН
ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
АК-СУЙСКИЙ РАЙОН

МЕСТНЫЙ КЕНЕШ
АЙЫЛЬНОГО АЙМАКА
ХАН-ТЕНИРИ

Хан-Тенири айыл аймагынын жергиликтүү кенешинин 1-чакырылышынын кезектеги 8- сессиясы

# Т О К Т О М

**2025-жылдын 24-апрель** **№ 43** **Ново-Вознесеновка айылы**

## Хан-Тенири айыл аймагында таштанды чыгаруу боюнча тарифтерди бекитүү жөнүндө

"Хан-Теңири-тазалык" муниципалдык ишканасынын айыл аймактагы айылдардагы таштандыларды чыгарууну уюштуруу жана алардын тарифтерин бекитип берүү жөнүндөгү кайрылуусун карап, Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндөгү" Мыйзамынын 27-беренесине ылайык жана биргелешкен туруктуу комиссиялардын корутундусун угуп жана талкуулап, жергиликтүү кенеши **токтом кылат :**

1. Хан-Тенири айыл аймагындагы айылдарда таштандыларды чыгарууну уюштуруу жагы "Хан-Теңири-тазалык" муниципалдык ишканасына милдеттендирилсин.
2. Таштандыларды чыгаруунун тарифи юридикалык жактардан 350 сом, коммерциялык тараптардан 350 сом, түтүн башына 100 сом өлчөмүндө бекитилсин жана калктан алына турган төлөм милдеттүү түрдө жыйналсын.
3. Айыл аймактагы калктуу конуштардын жыштыгын эске алып, таштанды полигонун ачуу боюнча иш алып баруу айыл өкмөтүнүн башчысы С.Баракановго тапшырылсын.
4. Токтом ММКга жарыялансын жана басылып чыккан күнү юстиция органына Мамлекеттик реестрге киргизүү үчүн жиберилсин.
5. Токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жер маселелери боюнча туруктуу комиссияга жана токтомду аткарууга алуу айыл өкмөтүнүн башчысы С.Баракановго жүктөлсүн.

**Төрага** **Т.Узаков**